# Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021–2030-жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясы

**БИШКЕК-2021**

# МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ……………………………………………..………..………………………3
1. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН НЕГИЗГИ АРТЫКЧЫЛЫКТУУ БАГЫТТАРЫ ........................................................................4
2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ӨБӨЛГӨЛӨРҮ.........................................................................................................................5
3.КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА 2030-ЖЫЛГА КАРАТА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН КЕЛЕЧЕГИНЕ КӨЗ КАРАШ...........................................................................................5
МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ …………………..……………..…………..…..6
БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ ...........................................................................................7
НЕГИЗГИ ОРТО, ОРТО ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ..........................................................9
КОШУМЧА БИЛИМ БЕРҮҮ ..............................................................................................11
БАШТАПКЫ ЖАНА ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ................................................12
ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ...........................................................................14
КОШУМЧА КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ...........................................................................15
ИЛИМДИН ӨНҮГҮҮСҮ.........................................................................................................16
МУГАЛИМДИН КАДЫР-БАРКЫ .........................................................................................17
ОКУУ КИТЕПТЕРИ .................................................................................................................17
КӨП ТИЛДҮҮ БИЛИМ БЕРҮҮ ...............................................................................................19
ИНКЛЮЗИВДИК БИЛИМ БЕРҮҮ .........................................................................................20
ТАРБИЯЛОО ПРОЦЕССИ.........................................................................................................21
БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫН КАРЖЫЛОО ......................................................................21

# КИРИШҮҮ

Билим берүү – Кыргыз Республикасынын өнүгүүсүн шарттаган артыкчылыктуу тармактарынын бири. Дүйнөлүк ааламдашуу, дүйнөлүк масштабдагы өзгөрүүлөр ар бир мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө багыт алуу зарылдыгын пайда кылды. Өлкө адам ресурстарына жараша өнүгөт, ал эми аны камсыз кылуу үчүн заманбап билим берүү системасын түзүү өзгөчө талап кылынат.

2015-жылы Бириккен улуттар уюмунун Башкы Ассамблеясында 2030-жылга чейин туруктуу өнүгүүнүн Максаттары белгиленип, анын ичинде сапаттуу билим берүүнү жана бүткүл жашоодо бардыгына билим алууга жеткиликтүү мүмкүнчүлүк түзүү максаты негизги документ катары кабыл алынган. Документте дүйнө – бул жалпы сабаттуу дүйнө, адамдын дараметин өнүктүрүүдө бардыгына бирдей мүмкүнчүлүк түзө турган дүйнө, мында жеткиликтүү билим алуу үчүн бардыгы бирдей мүмкүнчүлүккө ээ болуусу зарыл экендиги белгиленген.

Билим берүүнү заманбап талаптарга жараша өнүктүрүү максатында Кыргыз Республикасында акыркы жылдары бир нече маанилүү укуктук-ченемдик документтер кабыл алынды, алар: «Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2020-жылга чейин өнүктүрүү концепциясы», «Кыргыз Республикасындагы билим берүүнү 2012-2020-жылдарда өнүктүрүү стратегиясы», «Жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты»(2014), «2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы» ж.б. Бул документтерде билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары белгиленип, окутууну натыйжага багыттоо, окуучулардын компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу, инсанга багытталган билим берүүнү ишке ашыруу, маалыматтык технологияларды колдонуу менен билим берүү системасын куруу, башкаруу деңгээлинде маалымат менен алмашуу, өлкөнүн аймактарын өнүктүрүү аркылуу билим берүү сапатын жогорулатуу негизги милдеттер катары каралган.

Кыргыз Республикасында билим берүүнү жана тарбиялоону 2021-2030-жылдарга карата өнүктүрүүнүн бул концепциясы КР «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына жана жогоруда аталган документтерге таянып, аларда белгиленген негизги идеяларды улантуу максатын көздөйт.

**Концепциянын максаты:** Кыргызстан элдеринин руханий жана маданий баалуулуктарын сактоону жана өткөрүп берүүнү камсыз кылган бирдиктүү, ийкемдүү, ачык жана динамикалуу өнүгүп жаткан улуттук билим берүү системасын өнүктүрүүнүн жолдорун аныктоо, ички жана тышкы чакырыктарга ийкемдүү жооп берүүчү башкаруу механизмдерин түзүү, көп маданияттуу коомдун муктаждыктарын жана билим берүүчү керектөөлөрүн канааттандыруу. Концепцияны ишке ашыруу Кыргызстандын ар бир жаранынын жашоо сапатынын жогорулашына алып келиши керек**.**

Кыргыз Республикасында билим берүү адам ресурстарынын дараметин өнүктүрүүгө багыт алуусу менен, эки масштабдуу ишти аткаруусу зарыл. Биринчиси – глобалдашуунун шартында билим берүүнүн улуттук иденттүүлүгүн, улуттук баалуулуктарга багытталышын, маданий өз алдынчалуулугун жана ар тараптуулугун сактап калуу жана өнүктүрүү. Экинчиси – ааламдашуунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн улуттук өз алдынчалуулук менен айкалыштыруу аркылуу дүйнөлүк билим берүү системасына интеграциялашуу. Бул процессте улуттук баалуулуктарды аныктап чыгуу менен жаш муундарды тарбиялоону жолго коюу, билим берүүнүн ар түрдүү баскычтарында билим алуучулар ээ болуучу натыйжаларды иштеп чыгуу жана аларга ылайык билим берүү процессин уюштуруу маселеси артыкчылыкка ээ.

Концепция жогоруда аталган максаттарды ишке ашыруунун теориялык, методологиялык жана уюштуруучулук жоболорун жана багыттарын камтыйт.

# I. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН НЕГИЗГИ АРТЫКЧЫЛЫКТУУ БАГЫТТАРЫ

***1.Максат менен натыйжанын дал келишине өзгөчө көңүл буруу.*** Билим берүү системасынын бардык баскычында бүтүрүүчүлөрдүн моделинин так көрсөтүлүшү, удаалаштык жана уламалуулук принциптерин камсыз кылат. Келечекте кээ бир адистиктер жоюлат, кээ бир жаңы адистиктер пайда болот. Ошондуктан билим берүү эмгек рыногунун талаптарына жараша, келечектин адистерин даярдаганга өтүүсү зарыл. Билим берүүнүн Мамлекеттик жана предметтик стандарттарындагы окутуунун натыйжасына жетүү ар бир педагогдун башкы милдети болуп, алардын билим берүүнүн мазмунуна гана эмес, билим берүүнүн натыйжасына дагы басым жасашы маанилүү. Азыр билим берүүнүн мазмунуна гана эмес, анын натыйжасына да көңүл буруу керек, б.а. коюлган максаттын алынган натыйжага дал келишине.

***2.Негизги максат- 21 кылымдын көндүмдөрүн калыптандыруу*** . Эл аралык PISA изилдөөсү бүт дүйнөдө ушул натыйжалардын маанилүү экенин тастыктап жатат. Окуучулар жаттама эмес, алган билимин түшүнүп, колдонуп, проблеманы чечүүгө, өз алдынча билим алууга үйрөнүүсү зарыл. Окуучунун өз алдынча окуп-үйрөнүү көндүмүн калыптандыра турган окуу предметтери мектептик окуу системасына кириши маанилүү. Ал эми бул мугалимдерин электрондук окуу комплекстерин, электрондук окуу ресурстарын кенен пайдалануусун талап кылат. Заманбап окуучу пайда болгон маселелерди чечүү үчүн алган билимдерин түшүнүшү жана колдоно билиши, ошондой эле системалуу ой жүгүртүшү керек. Окуучулардын өз алдынча билим алуу көндүмдөрүн калыптандырууга өбөлгө түзө турган сабактарды мектептик окутуу системасына киргизүү абдан маанилүү. Бул окуучулардын өзүн-өзү активдештирүүгө, өзүн-өзү уюштурууга жана өзүн-өзү көзөмөлдөөгө жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу үчүн мугалимдердин жана окуучулардын ишмердүүлүгүнүн бирдиктүү, өз ара байланышкан системасын курууну талап кылат. Ошондой эле, мугалимдерден электрондук окуу комплекстерин, электрондук окуу ресурстарын кеңири пайдалануу талап кылынат.

***3.Окуу китептеринин компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга негизделиши.*** Окуу китептеринин мазмуну жаттамалуулукка, теориялык мүнөзгө эмес, функционалдык сабаттуулукту калыптандырууга багытталып, билимдерди пайдалануу менен, турмуштук проблемаларды чечүүгө ылайыкталышы зарыл. Окуу китептеринде билимди түшүнүү менен колдонуп, проблеманы чече турган кырдаалдуу, изилдөөчүлүк жана чыгармачыл мүнөздөгү, долбоордук тапшырмалар басымдуу орун алуусу шарт.

***4.Окуучуларда улуттук баалуулуктар системасын калыптандырууга багытталган тарбиялоо.*** Тарбиялоодо дүйнөлүк ааламдашуу менен улуттук баалуулуктарды айкалыштыруу зарыл. Ааламдашуу процессинде улуттук баалуулуктардын жоюлуп кетүү коркунучу бар. Бул процессте улуттук баалуулуктарды сактап калуу жана анын ролун жогорулатуу маанилүү.

***5.Кыргыз Республикасынын өнүгүү артыкчылыктарына жараша илимий изилдөөлөр жүргүзүү.*** Артыкчылыктуу илимий изилдөөлөр жүргүзүү максатын көздөгөн технопарктары бар илим-изилдөө университеттеринин торчосу түзүлүшү жана кеңейтилиши.

***6.Көп тилдүүлүк билим берүүнү ишке ашыруу.*** Мамлекеттик тилди өнүктүрүү менен катар, окуу жайларында расмий жана чет тилдерин окуп-үйрөтүүгө басым жасоо зарыл. Чет тилдерде кээ бир предметтерди окутуу үчүн мугалим кадрларын даярдоону баштоо зарыл.

*7. **Инклюзивдик билим берүүнүн өнүгүүсү***. Окутуунун бардык баскычтарында инклюзивдик билим берүүнүн өнүгүүсү боюнча ишмердүүлүктү активдештирүү. Мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарды колдоо үчүн билим берүү уюмдары, үй-бүлөлөр жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын биргелешкен аракеттерине жетишүү зарыл.

***8.Маалыматтык технологиялар боюнча адистерди даярдоо.*** Маалыматтык технологиялар боюнча кадрларга болгон суроо талап курч болгондугуна байланыштуу алардын кесиптик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча талаптарды күчөтүү.
***9.Инсанга багытталган, коопсуз билим берүү чөйрөсүн камсыз кылуу маанилүү багыт.*** Окуучулар үчүн коопсуз жана ыңгайлуу чөйрө түзүү үчүн билим берүү уюмдарынын, үй-бүлө, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын биргелешкен аракеттери керек.

## II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ӨБӨЛГӨЛӨРҮ

Билим берүү дүйнө жүзүндөгү коомдун өнүгүүсүнүн бирден-бир маанилүү көрсөткүчү жана сапаттык жактан артыкчылыктуу багыты экендиги талашсыз. Адам ресурсун өнүктүрүү жана калыптандыруу, коомго билим берүүнүн оң таасирин тийгизүү ар бир мамлекеттин жоопкерчилиги деп эсептелет.

Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) 2030-жылга чейин туруктуу өнүгүү максаттарында сапаттуу билим берүү ар бир өлкөнүн өнүгүү векторлорунун орчундуу милдеттеринин бири катары белгиленген. Бул документ туруктуу өнүгүүнү камсыз кылууга, жарандардын жашоо шартын жакшыртууга өбөлгө түзөт.

«2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында» «билим берүү системасы ар бир адамдын дараметин ачкан ар тараптуу инсанды тарбиялоого, иш жүзүндө колдонулуучу билимдерди жана көндүмдөрдү берүүгө багытталат», - деп баса белгиленген. Ушуга ылайык ар бир жаран үчүн сапаттуу билим алууга мүмкүнчүлүк түзүлүшү керек. Ошондой эле, мугалим, мектеп администрациясы, окуучу, ата-эне, коомчулук бири-бири менен өз ара тыгыз аракеттенип, бирдиктүү иштеши зарыл. Бул билим берүүнү жаңылоонун негизги шарттарынын бири болуп эсептелет.

Акыркы кезде эмгек рыногу коомдогу болуп жаткан өзгөрүүлөрдү тез кабыл алып, айрым кесиптерге курч талаптарды коюуда. Давосто (2016) болуп өткөн Дүйнөлүк экономикалык форумда жакынкы арада окуучулардын 60%ы жаңы пайда болуучу кесиптерге үйрөнүшү күтүлөөрү белгиленген. Алар: робототехника, биотехнология, IT-технология, экономиканын жаңы тармактары жана нанотехнология ж.б. Бул багыттарды ишке ашыруу үчүн билим берүү системасына кескин түрдө өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл.

Ошондой эле, дүйнө жүзү «4.0 Индустриясы» технологиясынын кеңири таралышын күтүүдө. Бул учурда технологиялык, санариптик жана биологиялык тармактардын ортосунда чектердин жоюлушу орун алат. «4.0 Индустриясы» – бул үчүнчү өнөр-жай революциясынын жетишкендиги жана жаңы инновациялардын келип чыгышы. Ушундай инновациялык мейкиндикте коом өзүн жоготуп алуусун каалабаса, билим берүү системасын жаңы нукта өнүктүрүшү зарыл.

## III. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА 2030-ЖЫЛГА КАРАТА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН КЕЛЕЧЕГИНЕ КӨЗ КАРАШ

Биздин жашообузга кирген глобалдашуу жашоонун бардык тараптарына таасир эте баштады. Мындай шартта мектеп дагы, билим берүү системасы дагы өзгөрүшү керек. Билим берүүнүн максаттары коомдун жашоосунун максаттары менен тыгыз байланышкан, анткени жашоо билим берүүнү аныктайт жана билим берүү жашоого таасир этет. Ушул шарттарда билим берүү системасынын негизги компоненттерин кайра карап чыгуу зарыл.

Билим берүү уюмдары - бул балдар көпчүлүк бөлүгүн азыркы жашоого ийгиликтүү социалдашуу жана интеграциялануу үчүн зарыл болгон негизги турмуштук көндүмдөр калыптанган учурда, балалык, өспүрүмдүк курагында өткөрүүчү жер. Алар балдар умтула турган, ыңгайлуу боло турган, өнүгүү жана чыгармачылык үчүн бардык шарттар түзүлүп, кызыктуу толук кандуу жашай турган жайга айланышы керек. Сапаттуу билим алуу менен, бүтүрүүчү үзгүлтүксүз өз алдынча билим алуу жолуна багыт алууга жөндөмдүү болушу керек.

2030-жылга карата билим берүү системасы көп тилдүү болушу керек. Глобалдашуу

доорунда, коммуникация көндүмү 21-кылымдын негизги көндүмдөрүнүн бири болгон учурда, бир нече тилди билүү зарылчылык болуп саналат. Кыргызстандын шартында бул кеминде үч тилди билиши керек: кыргыз, орус жана чет тилдердин бири. Мектептик билим берүү системасында айрым предметтерди ушул тилдерде окутуу кадимки көрүнүшкө айланышы керек.

## МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ

Эрте жаштан өнүктүрүү, мектепке чейинки билим берүү келечектеги инсанды калыптандыруунун пайдубалы болуп саналат. Акыркы кездеги жергиликтүү жана эл аралык изилдөөлөр балага эрте жаштан көңүл буруу жана анын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу натыйжалуу экендигин далилдөөдө.

Мектепке чейинки мезгил төрөлгөндөн баштап жети жашка чейинки мезгил болуп эсептелет, физикалык жана психикалык жактан өтө тез өнүгүүнүн, жашоосунда адамга керектүү сапаттардын калыптанышынын мезгили. Дал ушул мезгилде жалпы психологиялык, физиологиялык жана таанып-билүүчүлүк көндүмдөр түптөлүп, жашоо үчүн каалаган атайын билим, билгичтик жана көндүмдөргө ээ болуу үчүн негиз болуп саналат.

Мектепке чейинки уюмдарда мазмундуу эмгектин башталгыч көндүмдөрүн калыптандырууга көп көңүл бурулат.

Ата-энелер, үй-бүлө мектепке чейинки билим берүүгө активдүү катышуусу керек.

### *Мектепке чейинки билим берүүнүн учурдагы абалы*

Кыргыз Республикасында мектепке чейинки билим берүү уюмдарына балдарды тартуу болжолдуу түрдө 22,5 %ды түзөт.

2009-жылы «Мектепке чейинки билим берүү» мыйзамы, 2017-жылы «Балалык» үчтөн алты жашка чейинки балдарды өнүктүрүү программасы» кабыл алынган. 2020-жылы «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды тарбиялоо» мамлекеттик стандарты кайра каралып чыгып, бекитилген. Бул документтердин бардыгы жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша балдардын компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга багытталган.

«Балалык» үчтөн алты жашка чейинки балдарды өнүктүрүү программасы» кабыл алынганы менен, анда балдарды мектепке даярдоо жана кыска мөөнөттүү кабыл алуу маселеси каралган эмес.

Эгемендиктин алгачкы жылдарында Кыргызстанда мектепке чейинки билим берүү уюмдарына балдарды камтуу кескин төмөндөп (7%), 1596 бала бакчанын ичинен 1000ден ашыгы менчиктештирилип же болбосо башка уюмдарга берилип кеткен. Натыйжада мектепке чейинки уюмдар үчүн педагогдорду даярдоо да абдан кыскарып, кейиштүү абалга жеткен. Көйгөйлүү абалды чечүү, мектепке чейинки уюмдарга тартылбаган балдарды мектепке даярдоо абалын жакшыртуу максатында 2006-жылы 100 сааттык, 2012-жылы 240 сааттык, 2016-жылы 480 сааттык «Наристе» мектепке даярдоо программасы киргизилген. Учурда бул программага 5-7 жаштагы балдар дээрлик толугу менен тартылууда.

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарына мониторинг жана баа берүү системалуу жана өз деңгээлинде жүргүзүлбөйт. Мектепке чейинки билим берүү кызматкерлери мектепке чейинки педагогиканын заманбап мамилелерине негизделген квалификацияны жогорулатууга муктаж.

***Мектепке чейинки билим берүүнүн өнүгүүсү 2030-жылы төмөнкүдөй болот:***

1. Ата-энелердин муктаждыктарын канааттандырган, заманбап талаптарга жооп берген мектепке чейинки билим берүү системасы ийгиликтүү иштейт.
2. Мектепке чейинки билим берүүнүн мамлекеттик жана альтернативдүү формалары (жеке менчик жана жеке-мамлекеттик, кымска мөөнөттүү, кыска убакыттагы, күндүзгү өнүктүрүү борборлору, жайлоо бакчалары) активдүү иш алып барат.

3. Инклюзивдик билим берүү маданиятын калыптандырган программалар толук кандуу иштейт.
4. Окуу-тарбия процессинде жаш муунду социалдаштырууга, маданий ар түрдүүлүктө ыңгайлашууга, эстетикалык табитин калыптандырууга ылайыкталган заманбап технологияларга негизделген окуу-усулдук комплекстер колдонулат.
5. Медиа билим берүү жеке жана жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жүзөгө ашырылат.
6. Көп тилдүү билим берүү ийгиликтүү ишке ашырылат.
7. Ата-энелерде кичинекей балдарга окуп берүү жана мектепке чейинки уюмдар менен активдүү кызматташуу маданияты калыптанат.
8. Педагогдордун кесиптик квалификациялык стандарттары натыйжалуу колдонулуп, алардын кесипкөйлүк компетенттүүлүктөрү эл аралык стандарттарга дээрлик жооп берет.
9. Жагымдуу, ыңгайлуу коопсуз билим берүү чөйрөсү калыптанат.

## БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ

Жалпы башталгыч билим берүү – баланын өнүгүүсүндөгү маанилүү баскыч, мында анын таанып билүү жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрү, кызыгуулары активдүү калыптанат.

Башталгыч мектеп - жалпы билим берүүчү орто мектептин I баскычы. Башталгыч мектепте окутуу алты же жети жашынан баштап төрт жылга созулат.

Башталгыч мектепте балдардын билимин жашоосунун кийинки баскычтарында улантууга мүмкүндүк берүүчү көндүмдөр жана компетенттүүлүктөр калыптандырылышы керек.

Ошондой эле башталгыч мектепте окуу жана жазуу көндүмдөрүн калыптандырууга жана өнүктүрүүгө мамлекеттик тилде гана эмес, расмий жана каалаган чет тилдеринде (тандоо боюнча) артыкчылык берилиши керектигин дагы билишибиз керек.

Башка окуу предметтерин ийгиликтүү окуп-үйрөнүшү үчүн чечүүчү мааниге ээ болгон окуу жана түшүнүү көндүмдөрүн калыптандырууга өзгөчө басым жасалат. Башталгыч мектепте математикалык сабаттуулуктун алгачкы көндүмдөрү түптөлөт. Буга кошумча компьютердик сабаттуулуктун пайдубалы түптөлүшү керек. Мектептин ушул этабындагы окуу предметтери жаратылыш, коом, адам жана анын эмгеги жөнүндө алгачкы түшүнүктөрүн калыптандырган интеграцияланган курстардын мүнөзүнө ээ болушу керек.

Башталгыч мектепте чоң орун дене тарбияга берилиши керек. Башталгыч класстарда дене тарбия сабагы менен катар кыймылдуу оюндар кадимки көрүнүшкө айлануусу керек.

Башталгыч мектеп балдарды эмгекке, ар кандай материалдарды жана шаймандарды колдонууга үйрөтүшү керек; эмгек аркылуу байкоо жүргүзүүгө, өз алдынча ойлонууга жана аракеттенүүгө үйрөтүшү керек.

### *Башталгыч билим берүүнүн учурдагы абалы*

2014-жылы Кыргыз Республикасында Жалпы мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты кабыл алынып, анын негизинде 2015-2017-жылдары башталгыч класстар үчүн предметтик стандарттар иштелип чыгып, 2019-жылы бекитилди. Республика боюнча Дүйнөлүк Банктын долбоорунун алкагында калыптандыруучу баалоону иш тажрыйбасында колдонуу (READ программасы) боюнча 7 миңден ашык, компетенттүүлүк мамилеге өтүү жаатында 13 миңге жакын мугалимдер кесиптик чеберчилигин жогорулатышты. Башталгыч класстардын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу максатында USAIDдин «Бирге окуйбуз» жана «Келгиле, окуйбуз!» долбоорлору ийгиликтүү иштеди. Окуучуларынын окуудагы жетишкендиктерин улуттук баалоо системалуу өткөрүлүп келет. Германия техникалык

кызматташуу уюмунун (GIZ) долбоорунун алкагында окуу жана математикалык көндүмдөрдүн калыптануусу боюнча 4 мамлекетте (Кыргызстан, Казахстан, Түркмөнстан, Таджикстан) салыштырмалуу баалоо өткөрүлдү.

***Башталгыч билим берүү системасында төмөнкүдөй көйгөйлөр орун алган:***

1. Мугалимдердин айлык акылары саатка гана байлангандыктан, алар жакшы жана мыкты иштөөгө умтулушпайт, себеби 10% - шыктандыруу (стимулдаштыруу) фонду мугалимдердин арасында көп деле кесиптик атаандаштыкты жаратпайт.
2. Көптөгөн өтүлгөн иш-чараларга карабастан, башталгыч билим берүү системасында компетенттүүлүк мамилеге өтүү маселеси толук кандуу колго алынган жок.
3. 2014-жылы Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билим берүүнүн Мамлекеттик стандарты кабыл алынганына карабастан, ага негизделген жаңы муундагы окуу китептери жана окуу-усулдук комплекстер бардык предметтер боюнча даярдалган жок.
4. Акыркы жылдары колдонулуп жаткан базистик окуу планында башталгыч класстарда жалпы 10 окуу предмети болсо, алардын бешөө – бир сааттык окуу предметтери.
5. 480 сааттык «Наристе» программасы менен биринчи класстын окуу программасы ырааттуулук принциптерин эске албастан түзүлгөн.
6. Республиканын ири шаарларында башталгыч класстагы окуучулардын саны нормативдик ченемден өтө эле ашыкча. Республиканын 159 мектеби 3 мөөнөт менен окуйт.

***Башталгыч билим берүүнүн өнүгүүсү 2030-жылы төмөнкүдөй болот:***

1. Башталгыч класстардын мугалимдери жогорку статуска ээ.
2. Ченемдик-укуктук документтердин негизинде 5 жылдык жалпы башталгыч билим берүү системасы иштейт.
3. Улуттук-ата-мекендик иденттүүлүктү калыптандырган башталгыч билим берүүнүн туруктуу системасы түзүлгөн.
4. Башталгыч мектептин имараты инфраструктурасы инклюзивдик билим берүүнүн талабына толук жооп берет.
5. Билим берүү мазмуну интеграцияланган сабактардын жардамы менен оптималдашкан.
6. Улуттук жана эл аралык изилдөөлөрдүн негизинде Кыргызстанда башталгыч билим берүү системасын жаңыртуу маселеси ийгиликтүү чечилген.
7. Көп тилдүү билим берүүнүн алкагында бир класста эки мугалим (мугалим жана ассистент) катар иштейт.
8. Мугалимдерди моралдык, материалдык шыктандыруунун жол-жоболору, мугалимдерди ийкемдүү аттестациялоо системасы ийгиликтүү иштейт.
9. Башталгыч класстардын мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу жана ийкемдүү аттестациялоо системасы иштейт.

## БҮТҮРҮҮЧҮНҮН МОДЕЛИ (БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕП)

*Башталгыч мектептин бүтүрүүчүсүнүн модели төмөнкүдөй негизги компоненттерди камтыйт:*

1) Таанып билүүчүлүк (маалыматтык) тажрыйбалары. Көрсөткүчтөрү: таануу, түшүнүү, маалымат менен өз алдынча иштөө, маалыматты издөө, чечимдерди кабыл алуу, өз көз карашын сунуштоо жана талкуулоодон кийин өз көз карашын бекемдөө компетенттүүлүгү.
2) Сезип туюу, ой жүгүртүү көндүмдөрүнүн (социалдык-коммуникациялык) калыптанышы. Көрсөткүчтөрү: баарлашуунун (пикирлешүү) баалуулугун

сезүүгө үйрөнгөн, кызматташа билет. Сынчыл жана логикалык ой жүгүртүү көндүмдөрү калыптанган. Бийик ой жүгүртүү көндүмдөрүнүн деңгээлдеринин (талдоо, топтоштуруу, баалоо, чыгармачылык) калыптанышы.

3) Инсандык сапаттарынын калыптанышы. Көрсөткүчтөрү: өзүн өзү уюштуруусу, көйгөйдү (өз алдынча жана биргелешип) чече билүүсү. Толеранттуу, чынчыл, ынтызар, кыйынчылыктарга туруктуулугун көрсөткөн компетенттүүлүктөрү.
4) Эстетикалык сезимдеринин калыптанышы. Көрсөткүчтөрү: музыка, живопись, скульптура, актёрдук чеберчилик, көркөм чыгармачылык тармактарынын сунушталышы. Улуттук, жалпы адамзаттык руханий байлыктардын үлгүлөрүндө тарбияланышы.
5) Алгачкы компьютердик сабаттуулуктун калыптанышы. Көрсөткүчтөрү: компьютер менен иштей билүү, алгоритмди түзүүнүн алгачкы деңгээли, компьютердик дидактикалык оюндарды аткара билүүсү, интернет тармагында жөнөкөй иштерди аткара алуусу.
6) Каржы сабаттуулугу боюнча алгачкы түшүнүктөрдүн калыптанышы. Көрсөткүчтөрү: каржы сабаттуулугу боюнча алгачкы түшүнүктөрдүн калыптанышы, каржы алиппесинен баштап үй-бүлө бюджетин пландаштыруу компетенттүүлүгүнүн өнүгүүсү.
7) Социалдык инклюзия маданиятынын калыптануусу.

## НЕГИЗГИ ОРТО ЖАНА ОРТО ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ

Орто мектептеги билим берүү баскычы – системанын эң чоң бөлүгү. Кыргызстанда орто мектепте 1,2 миллионго жакын окуучу окуйт. Өлкөдө акыркы бир нече жылдан бери мектептеги билим берүү сапатын жогорулатуу максатында реформалар жүргүзүлүп келүүдө. Реформалар мектеп окуучуларынын билим денгээлин аныктоо максатында эл аралык изилдөө институттары тарабынан өткөрүлгөн мониторингдер алгылыктуу натыйжа болбой жаткандыгынын натыйжаларына таянуу менен жүргүзүлүүдө.

Негизги мектеп 5-класстан 9-класска чейинки мезгилди камтыйт жана милдеттүү деп эсептелет. Беш жыл аралыгында адамды келечектеги эмгек ишмердүүлүгүнүн мүнөзүнө карабастан коомдун турмушуна толук кандуу киргизүү үчүн негизги көндүмдөрүн жана компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу аяктайт.

Мектептер окуучуларды экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөргө, ар кандай кесиптерге кайра окуп-үйрөнүү жана мобилдик окуу жөндөмдүү болууга, мүмкүн болгон технологиялык жетишкендиктерге жана жергиликтүү жана глобалдык көйгөйлөр пайда болгон учурда чечимдерди таба билүүгө даярдашы керек.

Учурдагы жана мүмкүн болуучу чакырыктардан жана өтө тез өзгөрүүлөрдөн улам, 21-кылымдагы орто, жалпы орто билим берүү ийкемдүү, ар тараптуу болуп жана өзүнө ар кандай мамилелерди гармониялуу айкалыштырышы керек.

### *Негизги орто, орто жалпы билим берүүнүн учурдагы абалы*

Мектептеги предметтердин көптүгү (1991-жылы – 17 предмет, 2015-жылы – 25 предмет), 1991-2015-жылдардын аралыгында 8 кошумча предмет киргизилген (дүйнөлүк практикада жалпы 8-15 предметтин аралыгында эле), бирок андан билим сапаты жогорулаган жок.

Өлкөдөгү мектептердин 25-30% гана компьютерлер менен камсыздалган, мектептердин 50% Интернетке туташкан. БИМдин маалыматына ылайык, мектептер компьютер жана интернет менен толук камсыз боло элек. Мектептерде аудио жана визуалдык окуу-методикалык материалдар жокко эсе, барлары эскирген, жаңылоого каражат жетишсиз. БИМ аркылуу гранттардын эсебинен 100 инновациялык мектепке химия, физика сабактары үчүн техникалык каражаттар жана интерактивдүү такталар берилүүдө. Бул республиканын мектептеринин 5 %га жакынын гана түзөт.

Окуучуларды окуу эмгегин баалоодо 5 баллдык системанын 3 гана баллы колдонулат (5,4,3). Мамлекеттик стандартта көрсөтүлгөн калыптандыруучу баалоо

дээрлик колдонулбайт, окутуу процессинде негизинен жыйынтыктоочу баалоо гана пайдаланылат.

Республиканын ири шаарларында класстагы окуучулардын саны нормативдик ченемден өтө эле көп (2-3 мөөнөттө окуу, бир класста 60 окуучуга чейин орун алышы).

**Жогорку мектеп**

Жогорку мектеп - орто жалпы билим берүүчү мектептин III баскычы. Жогорку мектепте билим берүү - бул баарлашуунун өзгөчө стили, ишмердүүлүккө негизделген кызматташтык, мугалим менен окуучунун билимди өздөштүрүүнүн жана окуу маселелерин чечүүнүн жүрүшүндө биргелешип иши.

Жогорку мектеп - бул окуучулардын демилгесин жана чыгармачылыгын көрсөтүү үчүн ыңгайлуу чөйрө. Бул баскычтагы окутуу профилдик дифференциациянын негизинде жүргүзүлөт. Бул окуучулардын кызыкчылыктарын толугу менен эске алууга, алардын жөндөмдүүлүктөрүн ачууга жана кесиптик өзүн-өзү аныктоо үчүн шарт түзүүгө мүмкүндүк берет.

Профилдик билим берүүнүн Мамлекеттик стандартында заманбап дүйнөдө актуалдуу болгон дисциплиналар аралык көндүмдөрдү жана компетенттүүлүктөрдү калыптандырган принципиалдуу жаңы заманбап сабактарт аралык предметтерди камтууга басым жасалышы зарыл.

Мектептик билим берүүнүн үчүнчү баскычында профилизация (же профилдик билим берүү) бир нече багыт (физика-математика, гуманитардык, химиялык жана биологиялык, техникалык, экономикалык, айыл-чарба, көркөм, технологиялык жана башка) боюнча эмгекке даярдоону уюштуруу аркылу, окутуунун тандалган профилин эске алуу менен жүзөгө ашырылышы мүмкүн**.**

Профилдик билим берүү концепциясы БИМдин 2009-жылдын 29-майындагы коллегиясынын №3/2 чечими, ошондой эле 2009-жылдын 22-июнундагы №713 буйругу менен бекитилген. Бирок профилдик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты, предметтик стандарттары (4 предмет боюнча жумушчу стандарт Азия Өнүктүрүү Банкынын көмөгү менен иштелип чыккан), окуу китептери, окуу-усулдук комплекстери (ОУК) жана программалары иштелип чыга элек.

**Негизги орто, жалпы орто билим берүүдөгү артыкчылыктуу багыттар:**

1. Курчап турган дүйнөнүн көп түрдүүлүгү, ырааттуулугу жана өз ара байланышы принцибин бузган предметтердин бар болгон иерархиясын кайра карап чыгуу керек. Индустриялаштыруу доорунда пайда болгон предметтерди бөлүү идеясы санариптик технологиялар жана ааламдашуу дооруна таптакыр туура келбейт.
2. Мамлекеттик стандартка дүйнөлүк билим берүү тарабынан сунуш кылынган заманбап предметтер камтылышы керек.
3. Негизги төрт компетенттүүлүктү (коммуникация, кызматташтык, сынчыл ой жүгүртүү, чыгармачылык) калыптандырууга багытталган математикалык, табигый илимдердин, лингвистикалык, гуманитардык жана искусство программаларынын катышын сактоо.
4. Көп тараптуу эмгек ишмердүүлүгү окуучулардын эң алгачкы этаптардагы каалоосун, артыкчылыгын, жөндөмдүүлүгүн, кызыгуусун жана талантын аныктайт, бул келечекте кесипти туура тандоого жардам берет.

***Негизги орто, орто жалпы билим берүүнүн өнүгүүсү 2030-жылы төмөнкүдөй болот:***

1. Профилдик билим берүү калыптанып, ийгиликтүү иштей баштайт.
2. Окуу предметтердин саны оптималдашкан, алардын мазмуну окуучулардын компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүгө түрткү болот.
3. Билим берүү чөйрөсүндө магистрдик академиялык наамы бар, сертификацияланган, аккредитациядан өткөн мугалимдер эмгектенет.
4. Педагогдор республикадагы орто айлык акыдан кем эмес маяна алышат.
5. Мектеп окуучуларынын окуудагы жетишкендиктерин баалоо системасы дүйнөлүк тажрыйбага ылайык келет.

6. Мектептер 100% заманбап лабораториялык жабдуулар менен камсыз болот.
7. Класста окуучулардын саны нормативдик талаптарга ылайык келет, ал эми мектептердин имараттары жеткиликтүү санда, коопсуз курулган.

## БҮТҮРҮҮЧҮНҮН МОДЕЛИ
## (НЕГИЗГИ ОРТО, ОРТО ЖАЛПЫ МЕКТЕП)

Негизги орто, орто жалпы мектептин бүтүрүүчүсүнүн модели башталгыч класстын бүтүрүүчүсүнүн моделинин уландысы болуп эсептелет жана анда белгиленген компетентүүлүктөр жогорку деңгээлде калыптанат. Негизги орто, орто жалпы мектептин окуучуларынын жаш өзгөчөлүктөрүн, өспүрүмдүк өткөөл мезгилдеги карама-каршылыктардын көп болушун, сабакка болгон кызыгууларынын төмөндүшүн эске алуу менен, негизги орто, орто жалпы мектептин бүтүрүүчүсүнүн модели төмөнкүдөй негизги компоненттерди камтыйт:

1) Дене маданиятына жана спорт менен машыгууга көңүл буруусу.
2) Профилге чейинки билим берүү (кызыгууларына, жөндөмдүүлүктөрүнө жараша) ишке ашырылышы.
3) Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар менен иштей алышы.
4) Көп тилдүүлүк билим берүүгө (кыргыз, орус, англис ж.б. тилдер) басым жасоосу.
5) Чыр-чатактуу кырдаалда медиацияны колдонуу билгичтиги.
6) Социалдык инклюзия маданиятын, гендердик теңдикти түшүнүүсү, бул кубулуштарга баа бере алуусу.

## КОШУМЧА БИЛИМ БЕРҮҮ

Кошумча билим берүү бирдиктүү билим берүү процессинин ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет жана бүткүл жашоосунда адамды коштоп жүрөт. Балдардын бош убактысындагы максаттуу иш аракеттер менен алектениши алардын мүнөзүн жана эркин калыптандырат, толеранттуулугун, өз теңдүүлөрдү жана улууларды сыйлоону тарбиялайт, ден-соолугун чыңдайт, чыгармачылык мейкиндигин түзүп берет. Бул сапаттар кийинчерээк окуучунун техникалык, чыгармачылыкта, илимде, искусстводо, спорт аренасында, эң негизгиси, жашоодо ийгиликке жетишине жардам берет.

### *Кошумча билим берүүнүн учурдагы абалы*

Кыргызстанда балдардын чыгармачылык өнүгүүсү менен 74 мектептен тышкаркы кошумча билим берүүчү уюмдар иш алып барышат: Ош шаары жана Ош облусу боюнча – 11, Жалал-Абад облусунда – 22, Баткен облусунда – 5, Нарын облусунда – 4, Талас облусунда – 4, Ысык-Көл облусунда – 9, Чүй облусунда – 9, Бишкек шаарында – 6, мектептен тышкары республикалык кошумча билим берүү уюмдары – 4. Мектептен тышкары кошумча билим берүү уюмдарында жалпысынан 2101 кружоктор жана студиялар иштейт, анын ичинде жалпы билим берүүчү мектептерде 675, студиялар ар кандай багыттар боюнча иштешет: музыкалык – 422, Көркөм өнөр жана колдонмо студиялар -452, билим берүүчү – 252, спорттук – 103, экологиялык – 303, техникалык – 131, ар башка багыттар боюнча – 228.

Тилекке каршы, өлкөдө кошумча билим берүүгө катышкан окуучулардын саны 7,8%ды, ал эми техникалык чыгармачылыкка камтылган балдар болгону 0,5% түзөт. Бул фактылар кошумча билим берүүнүн ачык вариативдүү окутуу катары зарыл экенин коомчулуктун түшүнүүсү курч көйгөй экенин билдирип турат. Ошондой эле мектептен тышкаркы уюмдарынын 60% кошумча имараттарда жайгашкан, ал эми 26 уюмдун өз имараты жок.

Кыргызстандын заманбап экономикасы инженердик-техникалык кесиптерге эрте кесиптик багыттоодон өткөн жаш адистерди даярдоого муктаж.

Кошумча билим берүүнүн туруктуу өнүгүүсүнө таасир этүүчү көйгөйлөр болуп:
1. кошумча билим берүүнүн укуктук-ченемдик базасынын жетишсиздиги;
2. программалык жана окуу-методикалык камсыздоонун жетишсиздиги;
3. КР жогорку жана орто кесиптик окуу жайларында кошумча билим берүү үчү адистердин даярдоо системасынын жоктугу эсептелет.

***Кошумча билим берүүнүн өнүгүүсү 2030-жылы төмөнкүдөй болот:***

1. Республикада илимий-техникалык билим берүүнүн инфраструктурасы калыбына келтирилген.
2. Илимий-техникалык чыгармачылык менен иштөөгө материалдык техникалык база бекемделген жана техникалык жаныртылган.
3. Техникалык багыттардын жаңы тармактары ачылган: профилдик инженердик техникалык мектептер, профилдик техникалык класстар, илимий-техникалык уюмдар, робототехника, астрофизика, космикалык билим берүү ж.б.
4. Мектептик кошумча билим берүү системасында табигый-математикалык, техникалык багытты өнүктүрүү боюнча программалар түзүлгөн.
5. Окутуу процессине IT-технологиясы киргизилген.
6. Мамлекеттик деңгээлде зээндүү балдарды демилгелөө системасы иштелип чыкан жана ишке ашырылган.
7. Өлкөнүн жогорку жана орто окуу жайларында «Кошумча билим берүүнүн педагогу» адистиги боюнча даярдоо үчүн факультеттер ачылган.
8. Кошумча билим берүү программаларын ишке ашырган мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу системасы түзүлгөн.
9. Жаштарга жана чоң адамдарга кошумча билим берүү жөнүндө Мыйзам иштелип чыккан.
10. Мектеп курактагы балдардын 35% мектептен тышкары кошумча билим берүүгө тартылган.

## БАШТАПКЫ ЖАНА ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ

Баштапкы жана орто кесиптик окуу жайлардын ишмердүүлүгү өлкөнүн артыкчылыктуу тармактарында квалификациялуу жумушчуларды, техникалык кадрларды окутууга жана кайра даярдоого багытталган. Заманбап талаптарга толук кандуу жооп берүү үчүн кесиптик окуу жайлары ишкерлер үчүн да, калк үчүн да ачык жана ийкемдүү болуусу, болуп жаткан өзгөрүүлөргө тез ыңгайлашуусу жана өзүнүн ишмердүүлүгүн жаңылантууга жөндөмдүү болушу зарыл.

***Баштапкы жана орто кесиптик билим берүүнүн учурдагы абалы***

Учурда эмгек базарында жумушчуларга жана орто кесиптик адистерге болгон суроо-талап өсүүдө. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин[1] маалыматына ылайык, республикада 2,3 миллион экономикалык активдүү калк бар болсо, анын ичинен 64% эч кандай кесиптик билимге ээ болгон эмес. Ушул маалыматтар өлкөдөгү кесиптик билим берүү саясатын модернизациялоо зарылдыгын тастыктайт.

Баштапкы жана орто кесиптик билим берүү системасына окуучулар тогузунчу классты бүткөндөн кийин келишет жана окутуу программасынын мөөнөтү адатта үч жылды түзөт. Кыска мөөнөттүү курстар да уюштурулуп, алар үч жылдык даярдоо курстарына атаандаш болуп жаткандыгын белгилеп кетүү керек. Ошол эле учурда баштапкы жана орто кесиптик билим берүү системаларынын окуу программаларынын ортосунда ийкемдүү удаалаштык орун албайт жана алар бири-биринин уландысы болуп эсептелбейт.

Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик колледждер көбүнчө педагогикалык, медициналык, экономикалык адистерди даярдоого басым жасап, башка адистиктер боюнча даярдоо жогорку окуу жайлардын базасында жүргүзүлөт. Колледждер студенттерди жогорку билим алууга даярдоо максатын көздөгөндүктөн, алардын эмгек рыногуна баруусунун маанилүүлүгү төмөндөөдө.

Кесиптердин (434 баштапкы кесип) жана адистиктердин (243 орто адистиктер) көп санда кездешкенине карабастан, алардын 10%ы гана баштапкы жана орто кесиптик окуу жайларында даярдалат.

[1] http://www.stat.kg/ru/statistics/zanyatost/

Окуу программаларынын ар түрдүүлүгү жеткиликтүү болбогондуктан, кесиптик билим берүүгө болгон кызыгуу төмөн жана бул колледж, лицейлерде гендердик теңдиктин бузулуусуна алып келет. Мисалы, баштапкы кесиптик билим берүүдө окуган эркек балдардын үлүшү кыздарга караганда 2,5 эсеге, ал эми колледждерде тескерисинче, кыздардын саны эркек балдарга караганда 2 эсе көп.

Бүтүрүүчүлөрдүн кесипкөйлүгү, окутуучулардын компетенттүүлүгү заманбап талаптарга жооп бербейт, алардын кесипкөйлүк көндүмдөрү жеткиликтүү деңгээлде калыптанган эмес.

Кесиптердин керектүүлүгүн, мамлекет үчүн артыкчылыктуулугун, кесипке даярдоодо аймактардын кызыкчылыктарын, мүдөөлөрүн аныктоодо жана божомолдоодо, технологиялык чакырыктарды (кесиптердин түзүлүшүнүн өзгөрүшү) эске алууда министрликтердин (Экономика министрлиги, Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги) өз ара аракеттенүүнүсү жок болгондуктан, кесиптик билим берүү божомолдоону өз алдынча жүргүзүп келүүдө.

Баштапкы жана орто кесиптик билим берүү системасында натыйжалуу башкаруунун жетишсиздиги орун алууда. Учурдагы инфраструктура жана материалдык-техникалык база жетишсиз жана эски болгондуктан, кесиптик билим берүүнүн сапатын арттыруу көйгөйлүү болууда.

***Баштапкы жана орто кесиптик билим берүүнүн өнүгүүсү 2030-жылы төмөнкүдөй болот:***

1. Көз карандысыз сертификациялоо жана алынган квалификацияны тактоо системасы киргизилген.
2. Баштапкы, орто кесиптик окуу жайлары жана чоң адамдар үчүн ийкемдүү жана үзгүлтүксүз билим берүү программалары (модулдук окутуу) киргизилген.
3. Жумушчу орундарда кош (дуалдуу) окутуу системасы киргизилген.
4. Маалыматтык технологияларды колдонгон инновациялык чөйрө түзүлгөн, билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасына кошулган электрондук колледж, лицей иштейт.
5. Окуучулардын гендердик теңдиги камсыздалган.
6. Кесиптерге мамлекеттик тапшырык (заказ) берүү саясаты натыйжалуу ишке ашырылат.
7. Мектептерде параллелдүү профилдик окутуу системасы иштейт.
8. Педагогикалык кызматкерлердин үзгүлтүксүз кесиптик чеберчилигин жогорулатуу системасы ишке ашырылган.
9. Квалификациялуу жумушчуларды жана техникалык кызматкерлерди маалыматтык-коммуникациялык технологиялык көндүмдөрүн калыптандырууга багыттоо менен даярдоо жана кайра даярдоо ийгиликтүү ишке ашкан.

## БҮТҮРҮҮЧҮНҮН МОДЕЛИ (БАШТАПКЫ ЖАНА ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ)

Баштапкы жана орто кесиптик окуу жайларынын бүтүрүүчүсү кесиптик адистикке ээ болоорун эске алуу менен, бүтүрүүчүнүн модели төмөнкүдөй негизги компоненттерди камтыйт:

1) Эмгек рыногунун талаптарына (жаңы багыттагы кесиптердин ээлери) жооп берүүсү.
2) Коррупцияга каршы багытта тарбияланышы.
3) Коммуникативдик билгичтикеринин, инклюзивдик өз ара аракеттенүүсүнүн калыптанышы.
4) Ишкердик көндүмдөрүнүн калыптануусу жана өнүгүүсү.
5) Көп тилдүүлүк билим берүүгө (кыргыз, орус, англис ж.б. тилдери) басым жасоосу.
6) Социалдык инклюзия маданиятын, гендердик теңдикти түшүнүүсү, бул кубулуштарга баа бере алуусу.

## ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ

Учурда билим берүү социалдык жана экономикалык прогресстин башкы, алдыңкы фактору катары каралууда. Мезгил дүйнөлүк деңгээлде жогорку кесиптик билим берүүдө глобалдык реформалардын болушун шарттайт.

Жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү түзүлүшүн киргизүү[2] Кыргыз Республикасында Болон процессинин принциптерин сактоо катары каралат. Бирок жогорку кесиптик билим берүүнүн үч деңгээлдүү системасына өтүү жөнүндө маселе ачык бойдон калууда.

Жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги милдеттери:

1. адамдын интеллектуалдык, маданий жана руханий өнүгүүгө болгон муктаждыгын канааттандыруу;
2. илимий изилдөө жана чыгармачыл ишмердүүлүктү өткөрүү аркылуу илимдин жана маданияттын өнүгүүсү;
3. адистердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо.

***Жогорку кесиптик билим берүүнүн учурдагы абалы***

Бүгүнкү күндө жогорку кесиптик билим берүү эмгек рыногунун негизги талаптарына дээрлик жооп бербейт. Кыргызстанда келечекте кайсы кесип ээлери канча санда зарыл экендиги тууралуу божомолдоо жүргүзүлбөйт.

Окуу программаларынын 70%ын мамлекеттик компонент ээлейт, бул окутууда консервативдүүлүктү сактап, чыгармачыл мамилеге шарт түзбөйт. Окутуунун басымдуу бөлүгү жаңыланбаган салттуу методдор менен жүргүзүлөт. Натыйжада ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрү сынчыл ой жүгүртүүгө, өз алдынча изденүүчүлүккө, кризисти башкарууга, кайтарым байланышты уюштурууга үйрөнүшпөйт.

Жогорку окуу жайлардын ишмердүүлүгүн талдоо жана баа берүү жолго коюлган эмес, ЖОЖдордун эл аралык аккредитациялардан өтүүсү жокко эсе. ЖОЖдордун ишмердүүлүгү заманбап талаптарга жараша такталган эмес. Кыргызстандын бир дагы университети дүйнөлүк рейтингдердин 1000 тизмесине кирген эмес. Кыргыз Республикасында ЖОЖдорду ранжирлөө механизми жолго коюлган эмес.

Аймактык ЖОЖдорду мамлекеттик колдоо начар болгондуктан, алардын борбордук университеттер менен атаандашуу жөндөмү, материалдык-техникалык базасынын абалы төмөнкү деңгээлде. Бакубат үй-бүлөлөрдүн балдары борбордук престиждүү окуу жайларга тапшырып кетип жаткандыгына байланыштуу, аймактык ЖОЖдордо социалдык абалы начар үй-бүлөлөрдүн балдары окушат. Аймактык ЖОЖдорду татыктуу кадрлар менен камсыз кылуу маселеси курч бойдон калууда. 110 упай алган абитуриент борбордон окуганга ынтызар болот, анткени борбордо инфраструктура, билим берүү жана маданий чөйрө жакшы өнүккөн. Ал эми аймактык университеттердин өнүгүүсү аймактын экономикасынын өнүгүшүнөн көз каранды. Өндүрүштүк база начар болгондуктан, университеттин практикасын уюштуруу көпчүлүк учурда формалдуу түрдө болуп калууда.

***Жогорку кесиптик билим берүүнүн өнүгүүсү 2030-жылы төмөнкүдөй болот:***

1. Жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү рыноктун жаңы талаптарына жооп беришет.
2. Жогорку окуу жайлар рыноктун жаңы талаптарына жараша оптимизацияланып, мамлекеттик компоненттер кайрадан такталып, кесипке багытталган окутуу тереңдетилип, мамлекеттик компоненттин көлөмү 30-40%дан ашпайт.

---

[2] Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүдөй чечим кабыл алды: «2012-2013-окуу жылынан баштап, «бакалавр» жана «магистр» академиялык даражаларын берүү менен катар, айрым адистиктерден тышкары, жогорку кесиптик билим берүүнүн эки баскычтуу түзүлүшүн киргизүү.

3. Университеттерге академиялык эркиндик берүү менен, студенттердин эркин тандоо мүмкүнчүлүктөрү кеңейген.
4. Медиа билим берүү активдүү колдонулат.
5. Университеттер билим берүүнү практика жана инновация менен айкалыштырышат, бизнес, экономика сектору менен активдүү кызматташышат.
6. Мамлекеттик деңгээлде практикалык аянтчалар (стартап борборлору, технопарктар, лабораториялар, IT-борборлору) түзүлгөн.
7. Лицензиялоо жана аккредитациялоо процесстери дүйнөлүк стандарттарга жакындашкан, Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү жогорулайт.
8. ЖОЖдорго кабыл алуудагы жалпы республикалык тестирлөөнүн жаңы саясатын киргизүү менен, бүтүрүүчүнүн аттестатындагы баалар эске алынат.
9. ЖОЖдордо окутуу илимий изилдөө менен айкалышта ишке ашырылган, бул көп кырдуу билим берүүгө алып келет (дүйнөлүк тренд болуп жаткан 3-4 генерация (ЖОЖдордун «Кембридж феномени»).
10. ЖОЖдордун окутуу процессинде көп тилдүү билим берүү ишке ашырылган.
11. Аймактык ЖОЖдорду өнүктүрүү үчүн мамлекеттик программа ишке ашырылган.
12. ЖОЖдордун окутуучуларынын, студенттеринин тажрыйба алмашуусу республикалык, эл аралык деңгээлде ийгиликтүү иштейт.

## БҮТҮРҮҮЧҮНҮН МОДЕЛИ
## (ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ)

Жогорку кесиптик билим берүүнүн бүтүрүүчүсүнүн модели негизги мектептин бүтүрүүчүсүнүн моделин улантат жана төмөнкү компоненттерди камтыйт:

1) Көп кырдуу универсалдуу компетентүүлүктөргө ээ болуусу.
2) Үзгүлтүксүз билим алууга даяр болуусу.
3) Кырдаалга жараша (өзгөрүүлөргө) тез ыңгайлашып, өзүн өзү уюштура алуусу.
4) Аналитикалык, сынчыл, чыгармачыл ой жүгүртүүсүнүн калыптанышы.
5) Көп түрдүү маданияттуу коомдо ынтымактуу жашоо жөндөмдүүлүгүнө ээ болуусу.
6) Социалдык инклюзия маданиятын, гендердик теңдикти түшүнүүсү, бул кубулуштарга баа бере алуусу.
7) Көп улуттуу чөйрөнү кабыл алуусу.
8) Кесиптик компетенттүүлүккө ээ болуусу.
9) Улуттук жана дүйнөлүк адамзаттык баалуулуктарды сыйлашы.
10) Маалыматтык-коммуникациялык компететенттүүлүккө ээ болуусу.
11) Активдүү жарандык көз карашка ээ болуусу.
12) Көп тилдүүлүккө (кыргыз, орус, англис ж.б.) багыт алуусу.

## КОШУМЧА КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ
### (кесиптик чеберчиликти жогорулатуу жана кайрадан даярдоо системасы)

Кошумча кесиптик билим берүү – адамдардын квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу жана кайра даярдоо.

***Кошумча кесиптик билим берүүнүн учурдагы абалы***

Экономикадагы жаңылануу процесси жаңы социалдык түзүлүштөрдүн пайда болушуна, коомду информатизациялоо багыты менен бирге жүрүшүнө, кесипкөйлүк мобилдүүлүктүн пайда болушуна чоң өбөлгө түзүп жатат.

Ааламдашуу процессинин бизге тийгизген таасири социомаданий, тилдик жана квалификациялык ыңгайлашуунун жаңы мамилелерин издөөнү талап кылууда. Адамдык ресурс жашоонун активдүү позициясынын бөлүнгүс жана үзгүлтүксүз бөлүгү катары каралууда.

***Кошумча кесиптик билим берүүнүн туруктуу өнүгүүсүнө таасир эткен көйгөйлөр:***

1. Кошумча кесиптик билим берүү тармагынын каржылык тартыштыгы.

2. Кыска мөөнөттүү жана беш жылда бир болуучу квалификацияны жогорулатуу курсу глобалдашуу жана интеграция процессинин суроо-талаптарына жооп бербеши.
3. Кошумча кесиптик билим берүүнүн мазмуну консервативдик мүнөздө болуп, практикага багытталбагандыгы.
4. Материалдык-техникалык жана окуу методикалык камсыздоо деңгээлинин төмөндүгү, маалыматтык инфраструктуранын жоктугу.
5. Кошумча кесиптик билим берүүдө иштеген педагогдордун мотивациясынын төмөндүгү.
6. Кошумча кесиптик билим берүүдө ишмердүүлүктү жөнгө салган укуктук-ченемдик актылар заманбап талаптарга жооп бербеши.
7. Кошумча кесиптик билим берүүнүн натыйжалуулугун текшерген мониторинг системасынын жок болушу.

***Кошумча кесиптик билим берүү 2030-жылы төмөнкүдөй ишке ашат:***

1. Эл аралык жана улуттук-ченемдик документтердин негизинде педагогикалык кызматкерлердин кесиптик стандарттары иштелип чыгат[3].
2. Педагогикалык кызматкерлердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу системасы санариптик билим берүүгө, сапаттуу электрондук материалдарын сунуштоого басым жасайт.
3. Көз карандысыз кошумча кесиптик билим берүүнүн сапатын баалоо институту (Мониторинг институту)[4] түзүлгөн.
4. Кадрларды кайра даярдоонун классификаторлору иштелип чыккан.
5. Кошумча кесиптик билим берүү системасындагы эмгек акынын жаңы нормативи, кызыктыруучу социалдык пакеттер (квалификацияны жогорулатуу процессин жүргүзүү менен бирге ден-соолукка профилактика жүргүзүү, билим берүү гранттарын берүү, социалдык жеңилдиктер ж.б.) киргизилген.
6. Эл аралык жана жергиликтүү өнөктөштөр провайдер катары педагогикалык кадрлардын кесиптик чеберчилигин жогорулатуу системасына интеграцияланган жана педагогдордун чет өлкөлөрдө кесиптик чеберчилигин жогорулатуу мүмкүнчүлүгү сунушталган.
7. Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу системасында аккредитация механизми калыптанган.
8. Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуунун ийкемдүү программасы ишке ашырылган.
9. Кошумча кесиптик билим берүү системасы көп тилдүүлүк, инклюзивдик билим берүү, гендердик теңдик принциптерине таянат.

## ИЛИМДИН ӨНҮГҮҮСҮ

Мамлекеттин илимий-техникалык саясаты өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнүн маанилүү фактору болушу зарыл.

***Илим тармагынын учурдагы абалы***

Азыркы учурда Кыргыз Республикасында илим тармагына мамлекет тарабынан жетишсиз колдоо көрсөтүлөт, ошондуктан илимдин өндүрүшкө жайылтылышы дээрлик жокко эсе. Илим тармагынын туруктуу өнүгүүсүнө таасир эткен көйгөйлөр:

1. Кыргыз Республикасында экономиканын өнүгүүсүнө таасир этүүгө жөндөмдүү артыкчылыктуу илимий тармактар аныкталган эмес, илим жана экономиканын ортосунда өз ара аракеттенүү жок.
2. ЖОЖдордо илимди каржылоо минималдуу.
3. Аймактык көйгөйлөрдү дүйнөлүк масштабга алып чыккан илимий изилдөөлөр жокко эсе.

---

[3] 18.12.2006-ж. ЕС – Европалык парламенттик мамлекеттеринин мүчөлөрүнүн сунуштары.
[4] Квалификациялоонун европалык системасы.

4. Дээрлик көпчүлүк изилдөөлөрдүн жыйынтыктары практикада (өндүрүштө) колдонулбайт.
5. Илимий наамдардын баскычтары, дүйнөлүк илим стандартына интеграцияланбагандыктан, бирдиктүү системага келтирилген эмес.

***Илим тармагынын өнүгүүсү 2030-жылы төмөнкүдөй болот:***

1. Илим тармагында бирдиктүү саясат жүргүзүлгөн.
2. Илимий наамдардын баскычтары такталган жана дүйнөлүк стандарттарга шайкеш келтирилген.
3. Илимий изилдөөлөр мамлекеттин социалдык-экономикалык-саясий артыкчылыктары менен айкалыштырылган.
4. Аймактын алкагын камтыган илимий изилдөөлөр дүйнөлүк масштабга алынып чыгарылган.
5. Илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү мамлекеттик, институционалдык колдоого алынган, изилдөөлөр үчүн бардык шарттар түзүлгөн.
6. Илимий изилдөөлөр заманбап лабораториялардын, технопарктардын базасында жүргүзүлөт.
7. Кыргызстандын окмуштууларынын илимий изилдөөлөрүнүн натыйжалары дүйнөлүк бийик индекстери менен басылмаларда басып чыгарылат.

## МУГАЛИМДИН КАДЫР-БАРКЫ

Мугалим – мектептик билим берүүдөгү башкы фигуралардын бири. Мектептеги реформалар мугалимдин жогорку мотивациясынан, анын аң-сезимдүү чыгармачыл ишмердүүлүгүнөн улам ишке ашат. Заманбап мектепте иштөөгө эң акылдуу жана таланттуу адамдар тартылышы керек.

***Мугалимдердин кадыр-баркынын учурдагы абалы***

Кыргыз Республикасында «Мугалимдин статусу жөнүндө» мыйзам (2001) кабыл алынып, мугалимдердин аброюн көтөрүүгө карата мамлекет тарабынан социалдык кепилдиктер сунушталган. Бирок мыйзамдын негизги жоболору декларация түрүндө болууда. Мугалимдерди социалдык жактан коргоо маселелерине жетиштүү көңүл бурулбай жатат.

Өлкөнүн туруктуу өнүгүүсү билим берүүнүн сапаты менен шартталган, ал өз кезегинде мугалимдин кесипкөйлүк деңгээлинен көз каранды.

***Мугалимдердин кадыр-баркынын өнүгүүсү 2030-жылы төмөнкүдөй болот:***

1. Келечектеги мугалим студенттерге жогорку стипендиялар берилет.
2. Мугалимдердин айлыгы өлкөдөгү орточо айлыктан 30%дан кем эмес жогору.
3. Мугалимдин кадыр-баркын жогорулатуу боюнча атайын мамлекеттик программалар иштейт.
4. Мугалимдер окуу программаларын колдонууда, окуу-методикалык комплекстерин, окутуу технологияларын тандоодо академиялык эркиндикке ээ.

## ОКУУ КИТЕПТЕРИ

### Окуу китептеринин учурдагы абалы

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине окуу китептерин басып чыгарууга жана таркатууга мамлекеттик бюджеттен жыл сайын 120 млн. сом каражат бөлүнөт. Бирок, жалпы билим берүү уюмдарын окуу-усулдук комплекстер менен толук камсыздоо үчүн жыл сайын 600 млн. сом каражат талап кылынат.

2017-жылы мамлекеттик бюджеттен жалпы саны 641850 нускада 11 наамдагы окуу китеби жана мугалимдер үчүн 7 наамдагы колдонмо республиканын билим берүү уюмдары үчүн басылып таркатылды. 2018-жылы Бүткүл Дүйнөлүк банктын долбоорунун колдоосу менен 5-6-класстар үчүн 33 наамдагы окуу китептери болжолдуу 3 млн. нускада басылып чыкты. Азия өнүктүрүү банкынын долбоору аркылуу 7-9-класстар үчүн табигый-

математикалык багыттагы 12 окуу-усулдук комплекстин кол жазмасы республикадагы 25 мектепте апробациядан өтүүдө.

Алыкул Осмонов атындагы Улуттук китепкана тарабынан Кыргыз Республикасынын китепканалар ассоциациясы менен биргеликте электрондук окуу китептердин жана окуу материалдардын улуттук репозиторийи түздү (www.lib.kg). Бул ишти «Сорос-Кыргызстан» фондунун «Маалымат эркиндиги» программасы каржылады.

Башталгыч класстар үчүн «iBilim», 5-9-класстар үчүн «Билим булагы» электрондук кошумча окуу материалдары иштелип чыгып, КР Билим берүү жана илим министрлигинин сайтына жайгаштырылды.

Жаңы муундагы окуу китептерин ижарага берүү маселеси жолго коюлуп, КР Билим берүү жана илим министрлигинин алдында «Жаңы китеп» уюму түзүлдү.

***Окуучуларды окуу китептери менен камсыздоодо төмөнкүдөй көйгөйлөр орун алган:***

1. Мектептерди окуу китептери менен камсыз кылууга бөлүнгөн каражат жетишсиз.
2. Республиканын мектептериндеги китепканаларда окуу китептердин жарымынан көбү айрылган, моралдык жактан эскирген, башкача айтканда, окуу процессинде санитардык-гигиеналык талаптарына жооп бербейт.
3. Билим берүү уюмдарынын китепкана фонддорун окуу китептери менен камсыздоо механизми натыйжасыз иштейт.
4. Окуу китептерин иштеп чыгууда билим мамилеси колдонулат, окуучулардын компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча жетиштүү материалдар жок.
5. Жаңы муундагы окуу китептеринин авторлорун окутуу боюнча иш жүргүзүлбөйт.
6. Окуу китептерди даярдоо, басып чыгуу жөнүндөгү Жобо заманбап окуу китептерин жаратуу боюнча талаптарга жооп бербейт.
7. Басмалардын жана басмаканалардын окуу китептерин басып чыгаруу жаатындагы дарамети жетиштүү эмес жана алар аз санда.
8. Бүгүнкү күнгө чейин окуу китептердин атаандаштык, варианттуулук маселеси чечилген жок.
9. Электрондук окуу китеби көйгөйү чечиле элек.

***Окуу китептерин камсыздоонун абалы 2030-жылы төмөнкүдөй болот:***

1. Мезгилдин талабын эске алган, «Окуу китептерин даярдоо, басып чыгаруу» Жобосуна ылайык, заманбап, атаандаш, вариативдүү, түрдүү формадагы (кагаз жана электрондук түрдөгү) жетиштүү сандагы окуу китептери даярдалат.
2. Окуу китептерин ижарага берүү схемасы натыйжалуу иштейт, топтолгон каражаттар максаттуу пайдаланылат.
3. Билим берүүдө керектүү окуу материалдары жана ачык билим берүү ресурстары ийгиликтүү пайдаланылат.
4. Окуу китептеринин авторлорунун квалификациясын жогорулаткан уюмдар туруктуу иштейт.
5. Окуу китептеринин экспертизасы жана апробация маселелери ийгиликтүү чечилген.
6. Билим берүү уюмдары окуу китептерин тандап алууга мүмкүнчүлүк алышкан, бул үчүн мамлекет тарабынан жардам каралган.
7. Интеграцияланган окуу китептерин жана ОМК жаратуу системасы жөнгө салынган.

## КӨП ТИЛДҮҮ БИЛИМ БЕРҮҮ

Көп тилдүү жана полимаданияттык билим берүүнүн өнүгүүсүнө жогорулаган көңүл буруу билим берүү аркылуу коомдо интеграциялык процесстерди тереңдетүү үчүн мамлекеттин саясатынын бир бөлүгү болуп эсептелет[5].

***Көп тилдүү билим берүүнүн учурдагы абалы***

Полимаданияттык принцип 2013-жылы кабыл алынган «Туруктуу өнүгүүнүн улуттук стратегиясында» жана «Кыргыз Республикасындагы элдин жана этностор аралык мамилелердин биримдигин бекемдөө концепциясында» өзөктүү багыт болуп эсептелет, анда билим берүү адамдык капиталдын өнүгүүсүнө түрткү берген интеграцияланган элемент катары каралат.

КР Жогорку Кеңеши 2016-жылдын 30-июнунда «Кыргыз Республикасында көп тилдүү билим берүүнү киргизүү жөнүндө» токтомун кабыл алган. 2012-2020-жылга билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясында бүтүрүүчүнүн сапатынын бири катары төмөнкүлөр белгиленген: «ал адамдын эркиндигин жана укуктарынын баалуулугун, гендердик теңчиликти тең бөлүшөт, маданияттык, этникалык жана саясий көп түрдүүлүктү сыйлайт»[6].

Билим берүүнү өнүктүрүү Концепциясында дагы көп маданияттуулук окуучуларда ар түрдүү дүйнөдө жашай алуу билгичтигин калыптандырган билим берүү тармагынын ажырагыс мүнөздөмөсү болушу керек деп белгиленет. 2017-2018-окуу жылында көп тилдүү билим берүү 78 мектепте, 17 бала бакчада, 5 педагогикалык кадрларды даярдаган жогорку окуу жайына киргизилген. 49 пилоттук мектепте окутуу кыргыз жана орус тилдеринде жүрөт, максаттуу тилдер: орус же кыргыз; 28 мектепте окутуу азчылыктардын тилинде (өзбек, тажик) жүрөт, максаттуу тилдер: кыргыз жана орус; бир мектепте («Жетиген» мектеби) окутуу кыргыз, орус жана англис тилдеринде ишке ашат. Бардыгы 376 пилоттук класс, 10144 окуучу, 500дөн ашык педагог.

2017-2030-жылдары көп тилдүү билим берүү **үч баскычтуу киргизилет.**

**Биринчи баскычта (2018-2020-ж.)** педагогикалык кадрларды даярдоо системасында кайра даярдоо өткөрүлөт; кесиптик чеберчиликти жогорулатуу системасына көп тилдүү билим берүү милдеттери кошулат; пилоттук бала бакчаларда, мектептерде жана ЖОЖдордо көп тилдүү билим берүү программаларынын туруктуулугу камсыздалат; пилоттук билим берүү уюмдарында иштеген мугалимдерге тилдик колдоо көрсөтүлөт.

**Экинчи баскычта (2022-2025-ж.)** эне тил, мамлекеттик жана расмий тилдер пайдаланылган көп тилдүү билим берүү программаларынын апробациясы аяктайт жана системалуу тегиздикке өтөт. Окуучулардын тилдик жана предметтик компетенттүүлүктөрүнүн сапатына мониторинг жүргүзүлөт. Билим берүүнүн бардык тепкичтеринде көп тилдүү программаларынын апробациясына англис тили кошулат.

**Үчүнчү баскычта (2026-2030-ж.) билим берүү системасына** англис тилин камтыган көп тилдүү программалар киргизилет. Көп тилдүү билим берүүнүн программалары башка дагы чет тилдерди камтыйт.

***Көп тилдүү билим берүүнүн өнүгүүсү 2030-жылы төмөнкүдөй болот:***

1. Мектептерде бир нече тилде (кыргыз, орус жана бир чет тилде) сабактар уюштурулат.[7]
2. Мектеп окутуу тилине бөлүнбөйт, тил боюнча басмырлоого же бир гана тилге басым жасоого жол берилбеген билим берүү системасы иштейт.

---

[5] «Билим берүү көп улуттуу коомдордо интеграциялоонун каражаты катары» изилдөөсүнүн жана «Кыргызстандагы көп тилдүү жана көп маданияттуу билим берүү: чачыранды аракеттерден баштап программалык башкарууга жана өнүктүрүүгө чейин» (2005) Координациялык форумунун сунуштары.

[6] 2012-2020-жылга карата Кыргыз Республикасынын билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы.

[7] Мисалы, математика, физика, химия, география предметтери англис (же кыргыз, орус) тилинде, ал эми кыргыз тили, кыргыз адабияты, Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых - кыргыз тилинде, орус тили жана орус адабияты - орус тилинде.

3. Педагогикалык кадрларды көп тилдүү программа менен даярдоо ийгиликтүү ишке ашкан.
4. Программа ички жана тышкы ресурстар менен жеткиликтүү камсыздалган.
5. Көп тилдүүлүктү өнүктүрүүгө карата ар түрдүү иш-чаралар («конок» лекциялары, жумуш берүүчүлөр менен жолугушуулар, вебинарлар, дебаттар, конкурстар ж.б.), билим берүү уюмдарында үзгүлтүксүз иштейт.

## ИНКЛЮЗИВДИК БИЛИМ БЕРҮҮ

Мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарды окутуу мүмкүнчүлүктөрүн жакшыртуу үчүн Кыргыз Республикасында инклюзивдик билим берүүнү киргизүү Концепциясын иштеп чыгып, ал 2018-жылдын 16-ноябрында кабыл алынды.

Кыргыз Республикасында инклюзивдик билим берүүнүн киргизилишин бир нече эл аралык Фонддор каржы жана долбоорлорду сунуштоо менен колдошту.

***Инклюзивдик билим берүүнүн учурдагы абалы***

Учурда Кыргыз Республикасында 675 билим берүү уюмунда мектеп курагындагы 4000, ал эми мектепке чейинки билим берүү уюмдарында 2000 өзгөчө муктаждыктарга ээ балдар окушат. Улуттук статистикалык комитеттин маалыматы боюнча 2016-2017-окуу жылында Кыргыз Республикасынын мектептеринде ден-соолугунда түрдүү көйгөйлөрү бар 12000 мектеп окуучусу билим алган.

***Инклюзивдик билим берүү системасында төмөнкүдөй көйгөйлөр орун алган:***

1. Мамлекеттик деңгээлде. Саясат жана мыйзам деңгээлинде инклюзивдик билим берүү декларациялык мүнөзгө гана ээ, аны так жана иреттүү ишке ашыруу механизми жок. КР Билим берүү жана илим министрлигинде бир гана адис иштейт, башка министрликтер (Социалдык өнүгүү министрлиги, Саламаттыкты сактоо министрлиги) менен өз ара аракеттенүү жокко эсе. Инклюзивдик билим берүү жөнүндө мыйзам жок. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгү мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарды колдоого багытталбайт.
2. Мектептин деңгээлинде инклюзивдик билим берүү деген эмне экендиги тууралуу так түшүнүк жок, ошондуктан бардык мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарды мектепке кабыл алышпайт (тандоо мамилеси иштейт) жана пилоттук мектептердин мугалимдеринен башка мугалимдер мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар менен иштөө методикасын билишпейт. Мектептерде инклюзивдик чөйрө түзүлгөн эмес, кабыл алынган «инклюзивдик мектептин» көрсөткүчтөрү жок. Атайын педагогика тармагындагы адистер, логопеддер, психологдор, социалдык педагогдор жетишпейт. Пилоттук мектептерден сырткары өлкөнүн мектептеринин физикалык инфраструктурасы инклюзивдик билим берүүнү киргизүүгө даяр эмес. Тьютор институту жана башка педагогикалык коштоонун түрлөрү (ассистент, мугалимдин жардамчысы) киргизиле элек. Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу системасы баш аламан, системалуу эмес.
3. Коомчулук деңгээлинде. Көпчүлүк ата-энелер бала билим алууга толук укугу бар (ар түрдүү окутуу формалары бар) экендигин дагы билишпейт. Жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары мүмкүнчүлүктөрү чектелген баланы мектепке тартууга таптакыр жардам бербейт (мисалы, транспорт менен камсыздоо, инфраструктуранын, кошумча ресурстардын жеткиликтүүлүгү). Коомчулукта балдардын майыптуулугу жөнүндө төмөнкү деңгээлдеги маалыматтын болушу бул балдарды обочолонтууга жана «окуй албайт» стереотибинин пайда болуусуна алып келүүдө.

***Инклюзивдик билим берүүнүн өнүгүүсү 2030-жылы төмөнкүдөй болот:***

1. Кыргыз Республикасында «Инклюзивдик билим берүү» жөнүндө мыйзам кабыл алынып, билим берүүнүн бардык баскычтарында инклюзивдик билим берүүнүн шарттары ишке ашырылган.

2. Эрте жаштан аныктоо жана эрте кийлигишүү системасы иштейт жана мектепке чейинки курактагы мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдардын үй-бүлөсүнө эрте атайын жардам берүү кызматы иштейт.
3. Билим берүү процессине мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарды камтуу боюнча так механизми иштелип чыккан: билим берүү стандарттары, ийкемдүү баалоо, инклюзивдик мектептин көрсөткүчтөрү, өзгөчө муктаждыктарга ээ балдар менен иштөөнүн бекитилген методикасы бар.
4. Инклюзивдик жана атайын билим берүү милдеттүү компонент катары киргизилген мугалимдердин кесиптик квалификацияны жогорулатуу системасы иштейт.
5. Билим берүү кызматын камтуу менен, муниципалдык кызматтардын тизмесин кеңейтүү аркылуу жер-жерлерде мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар бар үй-бүлөнү колдоо үчүн жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын мүмкүнчүлүктөрү кеңейген.

## ТАРБИЯЛОО ПРОЦЕССИ

Кыргыз Республикасында 2020-жылга чейин мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоо концепциясы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2014-жылдын 22-июлундагы №545/1 буйругу менен бекитилген.

***Тарбиялоо процессинин учурдагы абалы***

Азыркы учурда коом адеп-ахлак кризисине дуушар болууда. 2011-2012-жылдарда Кыргызстандын бардык областарында социологиялык изилдөөгө тартылган 1410 жаш адамдын жообунда «мекенчилдик» баалуулугу акыркы орундардын бирин (8,3%) ээлеген. Жаштар өз элинин руханий мурастарын окуп-үйрөнүүдө пассивдүүлүгү, окуу маданиятынын төмөндөшү жана ар түрдүү диндик багыттарга кетүүсү, калкыбыздын ички биримдигинин бузулуу коркунучунда алып келүүдө.

***Тарбиялоо процессинин өнүгүүсү 2030-жылы төмөнкүдөй ишке ашат:***

1) Билим берүүнүн, тарбиялоонун (экологиялык, дене, эстетикалык, укуктук ж.б.), өнүктүрүүнүн биримдиги натыйжалуу камсыз кылынган.
2) Жаштарды тарбиялоо жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарга, дөөлөттөргө, элдик салттарга таянуу менен ишке ашырылган.
3) Тарбиялоо процессине коомчулук (үй-бүлө, мектеп, мамлекеттик жана коомдук уюмдар) активдүү тартылат.

## БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫН КАРЖЫЛОО

Кыргыз Республикасында билим берүүгө мамлекеттик чыгымдардын көбөйүшү байкалууда, өлкөнүн бюджетинин 20% га жакыны билим берүү системасына бөлүнөт.

Билим берүү тутуму үч булактан каржыланат: мамлекеттик бюджет, жеке каражаттар жана тышкы жардамдар. Билим берүүнү каржылоонун негизги булагы мамлекеттик бюджет болуп эсептелет.

Мамлекеттик бюджеттин мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелгендигине байланыштуу тышкы жардам үч негизги багытта тартылат: кеңири тармактык мамиленин (SWAP) алкагындагы колдоо, мамлекеттик инвестициялар программасынын алкагында долбоорлорду ишке ашыруу жана түздөн-түз (параллель) каржылоо).

Акыркы жылдардагы тенденциядан көрүнүп тургандай, билим берүү секторунун долбоорлору эң артыкчылыктуу болуп калууда - үлүштүк (дем берүүчү) гранттардын жалпы көлөмүнүн 60% дан ашыгы бала бакчаларды жана мектептерди каржылоого туура келет.

Республикалык бюджеттен мектепке чейинки билим берүүгө чыгымдардын үлүшү, мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын эмгек акы фондусуна чыгымдарды жергиликтүү бюджеттерден республикалык бюджетке которуунун эсебинен 2011-жылы 5% дан 2015-жылы 49% га чейин өстү (Бишкек шаарынан тышкары) жана 2015-жылы мугалимдердин эмгек акысынын жогорулашы. Бирок, мектепке чейинки билим берүүгө мамлекеттик бюджеттин чыгашаларынын түзүмү дээрлик өзгөргөн жок: республикалык

бюджет эмгек акыны каржылайт, бул учурдагы чыгымдардын 98% түзөт, ал эми 2% гана товарларды жана кызматтарды сатып алууга жана пайдаланууга туура келет. Жергиликтүү бюджеттен 24% мугалимдердин эмгек акысын төлөөгө, 75% товарларды жана кызматтарды сатып алууга жана пайдаланууга, 1% башка чыгымдарга кетет.

Мектептик билим берүүгө чыгымдар жалпы каржылоонун 83% түзөт. 2013-жылдан бери эмгек акы негизинен республикалык бюджеттен төлөнөт, жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн каражаттын көлөмү мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгашаларынын 20% дан азын түзөт. 2015-жылдын 1-сентябрынан баштап эмгек акы жогорулатылды:

- башталгыч класстардын мугалимдери 80% га;
- орто мектеп мугалимдери 50% га;
- жалпы билим берүү уюмдарынын административдик кызматкерлери 20% га.

Мугалимдердин эмгек акысы орчундуу көбөйгөнүнө карабастан, айлык акынын жогорулашы «артынан чуркоо» мүнөзүнө ээ.

2007-жылдан баштап жалпы билим берүүчү мектептерде билим берүү тутумун каржылоону реформалоонун алкагында ченемдик (жан башына) каржылоо киргизилген (162 мектептен башка). Мектептин бюджети бир балага жылына кабыл алуу жана убактылуу каржылоо стандартына негизделген. Бюджеттик каржылоонун стандарттарына (FBS) негизделген эсептөө мектептин көлөмүнө жана окуучулардын санына көз каранды болгон түзөтүүчү факторлорду пайдалануу менен класстык деңгээлде жүргүзүлөт. Мектептердин бюджети окуучулардын санына, ошондой эле мектептердин түрлөрү, билим деңгээлдери, жайгашкан жери (шаар/айыл) боюнча дифференцияланган МФКнын бекитилген масштабы боюнча каржылык муктаждыктарды аныктоого негизделген. Бирок, мамлекеттик бюджеттен каражаттын жетишсиздигинен улам, жөнгө салуучу каржылоо механизмин киргизүү татаалдашкан, мисалы, 2015-жылы мектеп муктаждыгын каржылоо 86,6% түзгөн. Көрүнүп тургандай, бул SBF долбоору өзүн толук актаган жок.

Мектепке чейинки билим берүүдө, 40 пилоттук бала бакчага ченемдик каржылоону киргизүүдө (2016-жылдан бери), каржылоонун аралаш модели колдонулган (мамлекеттик бюджет + ата-энелердин каражаттары). Бала бакчаларга бюджеттик чыгымдар ошондой эле балдардын санын жана жылына бир балага эсептегенде убактылуу каржылоо стандартын эске алуу менен аныкталат.

Билим берүү системасындагы кырдаалды жакшыртуу аракетине карабастан, чыгымдардын натыйжалуулугуна жана билим берүү системасын каржылоонун туруктуулугуна байланыштуу бир катар олуттуу көйгөйлөр бар.

**Негизги көйгөйлөр:**

1. Мугалимдердин орточо айлык акысы республикадагы эң төмөнкү эмгек акылардын бири бойдон калууда жана 2016-жылы көбөйгөнүнө карабастан, өлкөдөгү орточо эмгек акынын 70% ын түзөт.

2. Квалификациялуу педагогикалык кадрлар менен камсыз кылуу маселеси актуалдуу бойдон калууда.

3. Бөлүнгөн каражаттын ичинен, билим берүү процессине түздөн-түз салым кошпогон ресурстарды каржылоого олуттуу суммалар жумшалат. Бюджеттин олуттуу бөлүгүн тамак-аштын, электр кубатынын, жылуулуктун, эмгек акы чыгымдары түзөт. Ошол эле учурда олуттуу көйгөйлөр дагы деле сакталып калууда: мектеп окуучуларын окуу китептери менен камсыздалышы – 79,6%; мугалимдерди окуу-методикалык адабияттар менен начар камсыздалышы.

Билим берүү системасынын каржылоо саясатын өзгөртүү керек.

***Билим берүү системасын каржылоонун өнүгүүсү 2030-жылы төмөнкүдөй болот:***

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине кабыл алынган чечимдер үчүн жогорку жоопкерчилик менен каржылык ресурстарды өз алдынча башкаруу мүмкүнчүлүгү берилет.
2. Билим берүү системасын каржылоону ар тараптуу өнүктүрүү жана окутуунун жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү максатында мамлекеттик-жеке өнөктөштүк өнүккөн.

3. Мугалимдерди кесиптик сертификациялоо талабы иштейт, эмгек акынын деңгээли көрсөтүлгөн окутуунун сапатынан көз каранды болот.
4. Камкорчулар кеңеши «Камкорчулар кеңеши жөнүндө» мыйзамга ылайык билим берүү уюмдарынын каржы каражаттарынын түзүлүшүн жана бөлүштүрүлүшүн көзөмөлдөө боюнча активдүү иш алып барат.
5. Маалыматтык системаны пайдалануу менен, каржылоо жана көзөмөлдөө системасы жакшыртылган.
6. Эл аралык донорлор тарабынан каржылоо системасынын иштеши натыйжалуу иштейт.
7. Коопсуздук жана инклюзивдүүлүк талаптарына жооп берген жана заманбап ресурстар менен жабдылган мектептердин курулушуна каражат каралган.
8. Программалык бюджеттөөнүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн оптималдуу шарттар түзүлгөн.
9. Кабыл алынган ченемдик-укуктук актылардын негизинде билим берүү системасында атайын каражаттарды колдонууну өнүккөн.
10. Бала бакчалардын жана мектептердин экономикалык өз алдынчалыгын камсыз кылуу максатында, билим берүү уюмдарынын администрациясынын бала бакчалардын жана мектептердин ишмердүүлүгүнүн каржы механизмдерин өркүндөтүү, «мектеп - үй-бүлө», «мугалим - ата-эне» өнөктөштүк мамилелерин куруу үчүн шарттар түзүлгөн.

**КОНЦЕПЦИЯНЫ ИШТЕП ЧЫГУУ БОЮНЧА ЖУМУШЧУ ТОП:**

1. Бейшеналиев Алмазбек Бейшеналиевич
2. Калдыбаев Салидин Кадыркулович
3. Добаев Кыргызбай Дюшенбекович
4. Эсенгулова Миргуль Молутбековна
5. Ашымбаева Токтобубу Абасовна
6. Дюшеева Назира Кубанычбековна
7. Мамбетакунов Уланбек Эсенбекович
8. Токтомаметов Алмазбек Даткабекович
9. Ниязова Айнагуль Маликовна
10. Мамырова Гулнура Жекшебаевна
11. Атабаев Нурлан Узгенович